Aman Saspayev Cana Memduh Şevket Esendaldın
Ağemelerinin Salıştırma-Tipologiyalık Analizi

**Editör**
Mayrambek Orozobayev

**Yazar**
Çınara Sasykulova

**ISBN:** 978-625-7305-31-0

**1. Baskı**
Temmuz, 2021 / Ankara

**Yayın Sertifika No**
46683

**Matbaa Sertifika No**
46682

Grafiker
Yayınları
Yayın No: 397
Web: grafikeryayin.com

**Kapak, Sayfa Tasarımı,**
**Baskı ve Cilt**
Grafiker
Grafik-Ofset Matbaacılık Reklamcılık
Sanayi ve Ticaret Ltd. Şti.
Oğuzlar Mahallesi
1396. Cadde No: 6/A
06520 Balgat-ANKARA
Tel : 0 312. 284 16 39 Pbx
Faks : 0 312. 284 37 27
E-mail : grafiker@grafiker.com.tr
Web : grafiker.com.tr

Kitabın hukuksal ve bilimsel sorumluluğu yazarına aittir.

# МАЗМУНУ

**СӨЗ БАШЫ** ........ 5

**КИРИШҮҮ** ........ 9

**I БӨЛҮМ**
**КЫРГЫЗ, ТҮРК АҢГЕМЕЛЕРИНИН ӨНҮГҮШ ЭВОЛЮЦИЯСЫ: ИДЕЯЛЫК-ТЕМАТИКАЛЫК, ПРОБЛЕМАТИКАЛЫК-КӨРКӨМДҮК ЖАЛПЫЛЫКТАР ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨР**

1.1. Кыргыз-түрк адабияттарында аңгеме жанрынын пайда болушу: тарыхый-маданий себептер ........ 22

1.2. Кыргыз-түрк аңгемелеринин өнүгүш эволюциясы: идея, тема, көркөмдүк маселелери ........ 39

1.3. Кыргыз-түрк аңгемелеринин өнүгүшүнүн жаңы бийиктиги: постмодернизм, новаторлук көрүнүштөр ........ 65

**II БӨЛҮМ**
**АМАН САСПАЕВ ЖАНА МЕМДУХ ШЕВКЕТ ЭСЕНДАЛ: САЛЫШТЫРМА-ТИПОЛОГИЯЛЫК АНАЛИЗ**

2.1. А. Саспаев менен М. Ш. Эсендалдын алгачкы чыгармачылыгы: изденүүлөр, табылгалар, кемчиликтер . 81

2.2. Эки жазуучунун чыгармаларындагы идеялык-тематикалык ажырымдар жана окшоштуктар ........ 107

2.3. А. Саспаев менен М. Ш. Эсендалдын чыгармачылык эволюцияларынын жаңы этабы: идеялык-тематикалык, көркөм чеберчилик маселелер ........ 120

2.4. А. Саспаев менен М. Ш. Эсендалдын көркөм сөз каражаттарын пайдалануу чеберчиликтери ........ 166

**КОРУТУНДУ** ........ 203

**Колдонулган адабияттар** ........ 211

# СӨЗ БАШЫ

Колуңуздагы эмгек – филология илимдеринин доктору, профессор Лайли Үкүбаеванын жетекчилиги астында Чынара Сасыкулова тарабынан даярдалып 2014-жылдын 28-ноябрында Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана КР УИАнын Чыңгыз Айтматов атындагы Тил жана адабият институтуна караштуу түзүлгөн Диссертациялык кеңештин жыйынында корголгон "Кыргыз-түрк аңгемелери: салыштырма-типологиялык анализ (Аман Саспаев жана Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринин мисалында)" аттуу кандидаттык диссертациянын сын көз менен кайра бир калбырдан өткөрүлүп китеп форматында жарыкка чыгышы.



Эмгекте кыргыз профессионалдык адабиятынын тарыхында, өзгөчө проза жанрында өзүнүн татыктуу орду бар, көрүнүктүү жазуучу, агартуучу, публицист Аман Саспаев менен боордош түрк элинин таанымал жазуучусу, дипломат, коомдук жана саясий ишмер Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелери салыштырма-типологиялык негизде талдоого алынып, тема системалуу түрдө кылдат изилденген. Бул теманын колго алынышына автор өзү да белгилегендей, ар кандай өйдө-ылдый татаал тарыхый, саясий процесстерден улам 90-жылдарга чейин тектеш түрк эли менен кыргыз элинин байланышынын дээрлик жоктугу, башка тармактардагыдай эле адабият тармагында да өзара тыгыз мамилелердин болбогондугу жана ушул себептен мындай маанилүү изилдөө объектилеринин бузула элек дың бойдон калгандыгы себеп бол-

гон. Ошондой эле автор аңгеме жанрынын “тектеш элдердин профессионал адабиятынын түрү катарында баяндоонун башка формаларынан мурда жаралгандыгын”, “жазуучулардын көркөм чеберчиликти өздөштүрүүдөгү алгачкы этабы, мектеби” экендигин эске алуу менен изилдөө ишинин негизги максаты “кыргыз жана түрк аңгемелеринин пайда болуу, калыптануу жана өнүгүү процессиндеги жалпылыктарды жана айырмачылыктарды аныктоо жана бул айырмачылык жана жалпылыктардын пайда болуу себептерин” тактоо экенин белгилейт. Бул максатты ишке ашырууда жогоруда аты аталган кыргыз жазуучусу Аман Саспаев менен түрк жазуучусу Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринин изилдөө объектиси катары тандалышы да жөн жеринен болгон эмес. Автордун айтуусунда, бул эки жазуучунун ар бири – өз адабий чөйрөсүндө “Чехов” атка конгон, аңгеме жанрынын белгилүү чеберлери.



Эмгек “Киришүү”, “Корутунду”, “Колдонулган адабият” бөлүмдөрүнөн тышкары эки негизги бөлүмдөн турат. Биринчи бөлүмдө аңгеме жанрынын табияты, прозанын ичиндеги орду, кыргыз жана түрк аңгемелеринин жаралуу мезгили, өнүгүү эволюциясы коомдук-саясий, маданий процесстердин алкагында салыштыруу жолу менен кенен-кесир талдоого алынган. Экинчи бөлүмдө болсо Аман Саспаев менен Мемдух Шевкет Эсендалдын чыгармачылык жолуна, чыгармаларындагы жалпылыктар жана айырмычылыктарга, аңгемелериндеги көркөм сөз каражаттарын пайдалануу чеберчиликтерине салыштарма-типологиялык өңүттөн терең анализ жасалып мисалдар аркылуу чечмеленип берилген.

Жогоруда белгилengendей, боордош түрк элинин профессионалдык адабияты менен жакындан таанышуу, андагы жетишкендиктер, кемчиликтер жана өзгөчөлүктөр

тууралуу терең анализ жасоо, кыргыз адабияты менен салыштырып изилдөө иштери акыркы мезгилдерде гана колго алына баштады. Бул өңүттөн караганда деле колуңуздагы илимий эмгектин актуалдуулугу талашсыз. Түрк адабияты менен кыргыз адабиятын салыштырып изилдөө иштеринин мындан ары да үзгүлтүксүз улана беришине Чынара Сасыкулованын ушул чакан илимий эмгеги кандайдыр чыйыр жол сыңары маанилүү милдет аткарат деп ойлойм. Автордун мындан аркы илимий иштерине ийгилик каалоо менен анын "Аман Саспаев жана Мемдух Шевкет Эсендалдын аңгемелеринин салыштырма-типологиялык анализи" деген аталыштагы бул эмгегин, кымбаттуу окурман, сиздин кыраакы назарыңызга сунуш кылабыз.

*Ph.D., доцент Майрамбек ОРОЗОБАЕВ*